## Компаньон Банкынын кардарлары- Visa карталарынын ээлери үчүн акция

**“Visa картасы менен төлөп, байге утуп ал!”**

| АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ШАРТТАРЫ | | |
|---|---|---|
| **1.** | **Акциянын уюштуруучусу** | «Компаньон Банкы» ЖАК (мындан ары Банк) |
| **2.** | **Акцияны өткөрүү мөөнөтү** | Башталган күнү: **01.09.2023-ж.**<br>Аяктаган күнү: **31.12.2023-ж.**<br><br>**Этаптары:**<br>• **1-этап (мезгил аралык): 2023-ж. 1- сентябрынан 30-сентябрына чейин;**<br>• **2-этап (мезгил аралык): 2023-жылдын 1-октябынан 31-октябрына чейин;**<br>• **3-этап (мезгил аралык): 2023-жылдын 1-ноябрынан 30-ноябрына чейин;**<br>• **4-этап (мезгил аралык): 2023-жылдын 1-декабрынан 31-декабрына чейин;**<br>• **5-этап (финалдык) – 2023-жылдын 1-сентябрынан 31-декабрына чейинки убакытта** акциянын жүрүшүндө жасалган бардык операциялар боюнча жыйынтыктарды чыгаруу. |
| **3.** | **Акциянын түрү** | Акция түртку берүүчү лотерея болуп саналбайт, Акциянын жеңүүчүсүн аныктоодо кокустуктар принциби (жеңүүчүнү эркин тандай турган алгоритмди колдонуу) алынып салынган. |
| **4.** | **Акциянын катышуучулары** | Акцияга бардык жеке жактар - 16 жашка толгон КР бардык жарандары жана резидент эместер, Банктын кардарлары катыша алышат.<br>Банктын агенттери, банктын кызматкерлери, кызматкерлердин жубайлары жана жакын туугандары (ата-энеси, балдар, асырап алуучулар, асырап алынгандар, ата-энеси бир жана ата-энеси башка эркек жана кыз бир туугандар, чоң ата, чоң эне, таята, таене, неберелер) акцияга катыша алышпайт. |
| **КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ ЖАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮ АНЫКТОО** | | |
| **5.** | **Акцияга катышуучу карталардын түрлөрү** | Банк тарабынан чыгарылган бардык Visa карталары. |
| **6.** | **Акциянын шарттары** | • Акцияга катышуу үчүн Компаньон Банкынын VISA картасынын колдонуучусу болуп, акция учурунда Кыргызстандын ичинде жана сыртында соода-сервистик ишканаларда жана/же Интернетте карта менен төлөмдөрдү жүргүзүү зарыл.<br>• Байгеге тактыктуу болуу үчүн катышуучу Акцияны өткөрүү мезгилинде төмөнкүлөрдү аткарышы керек:<br><br>- Акциянын аралык этабында бир картадан ар бири 100 (жүз) сомдон кем эмес минимум 20 (жыйырма) транзакция жүргүзүү керек. |

<table>
<tr><td></td><td></td><td>Эскертүү:<br><br>Бир колдонуучу Акциянын төрт аралык этабынын биринде гана жеңүүчү боло алат. Бирок колдонуучу ошондой эле финалдык этапта жеңишке жетишүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.</td></tr>
<tr><td>7.</td><td>Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби жана критерийлери</td><td>7.1. Жеңүүчүлөр ар бир этаптын соңунда аныкталат.<br>Призлер төмөнкү негизги категорияларга карата аныкталат:<br><br>• Саны эң көп төлөмдөрүнүн эң көп саны боюнча*<br>*Акцияга Компаньон Банкынан чыгарылган Visa карталары менен Кыргыз Республикасынын аймагындагы жана анын чегинен тышкары каалаган соода-сервистик ишканалардагы бардык POS-терминалдары аркылуу жүргүзүлгөн товарлар жана кызматтар үчүн төлөмдөр, ошондой эле бардык интернет-төлөмдөр катышат.<br><br>7.2. Накталай эмес транзакциялардын саны бирдей болгон жеңүүчүлөр аныкталган учурда, транзакциялардын көлөмү эң көп болгон кардар утат.<br>7.3. Акциянын катышуучусунун транзакцияларынын жалпы көлөмү КР улуттук валютасында (сом) транзакция жасалган күнгө карата КРУБунун курсу боюнча чет элдик валюталарындагы транзакциялардын суммасын конвертациялоо жолу менен аныкталат.<br>7.4. Спекулятивдик операциялар аныкталган учурларда Банк мындай операцияларды акцияга катышуудан четтетүү укугуна ээ болот.</td></tr>
<tr><td>8.</td><td>Байге фонду жана байгелүү орундар</td><td>Төлөмдөрдүн <u>эң көп саны боюнча</u> Акциянын ар бир аралык этабынын жеңүүчүлөрү төмөнкү акчалай сыйлыктарды алышат:
<table>
<tr><th>Орун</th><th>Байге</th></tr>
<tr><td>1</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>2</td><td>40 000 сом</td></tr>
<tr><td>3</td><td>35 000 сом</td></tr>
<tr><td>4</td><td>25 000 сом</td></tr>
<tr><td>5</td><td>20 000 сом</td></tr>
<tr><td>6</td><td>15 000 сом</td></tr>
<tr><td>7</td><td>10 000 сом</td></tr>
<tr><td>8</td><td>5 000 сом</td></tr>
<tr><td>9</td><td>5 000 сом</td></tr>
<tr><td>10</td><td>5 000 сом</td></tr>
</table>
<br>Акциянын финалдык этабынын жеңүүчүлөрү, Акциянын бүткүл мезгили ичинде төлөмдөрдүн <u>эң көп саны боюнча</u> төмөнкү байгелерге ээ болушат:
<table>
<tr><th>Орун</th><th>Байге</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Apple iPhone 14 Pro Max 512 GB</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Ноутбук</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Самокат</td></tr>
</table>
Акциянын байгелерин алууга байланыштуу бардык салыктык чегерүүлөрдү Акциянын уюштуруучусу өзүнө алат.</td></tr>
<tr><td>9.</td><td>Акциянын жыйынтыктарын чыгаруу мезгилдери</td><td>1-этап (аралык) – 2023-ж. 15-октябрына чейин;<br>2-этап (аралык) – 2023-ж. 15-ноябрына чейин;<br>3-этап (аралык) – 2023-ж. 15-декабрына чейин;</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| | | 4-этап (аралык) – 2023-ж. 15-январына чейин;<br>5-этап (финалдык)–2024-ж. 15-январына чейин. (Акциянын бүтүндөй мезгили боюнча, 2023-ж. 1-сентябрынан 31-декабрына чейинки аралыкта жасалган операцияларга карата жыйынтык чыгаруу). |
| **АКЦИЯНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮН МААЛЫМДОО ЖАНА СЫЙЛОО ТАРТИБИ** | | |
| **10.** | **Акциянын жеңүүчүлөрүн сыйлоо** | 10.1. Акциянын жеңүүчүлөрүнө байгелерди ыйгаруу аземи жыйынтыктарды чыгаруу жана маалымдоо күнүнөн тарта 10 (он) календардык күндүн ичинде ишке ашырылат.<br>Эгерде акциянын жеңүүчүсү сыйлоо аземине катыша албаса, ал акциянын жыйынтыктары/этаптары чыгарылган күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде банктын филиалына же сактык кассасына кайрылуу менен байгесин ала алат. Эгерде жеңүүчү байгени көрсөтүлгөн мөөнөттө албаса, жеңүүчүлөрдүн тизмесиндеги байгелүү орундарга кийинки орунду ээлеген катышуучу жеңүүчү болуп эсептелет.<br>10.2. Акциянын жыйынтыгы боюнча байгелерди ыйгаруу расмий аземинден кийин 5 иш күндүн ичинде жеңүүчүлөрдүн карталарына акча каражаттары чегерилет. Жеңүүчүлөрдүн төлөм карталары акча каражаттары чегерилген күнү активдүү болууга тийиш. Эгерде жеңүүчүнүн картасы активдүү эмес болсо, жеңүүчү акциянын этаптарынын жыйынтыгы чыгарылган күндөн тартып 30 (отуз) иш күнү ичинде акчалай сыйлык алуу үчүн Банкка кайрылуусу зарыл.<br>Сыйлыктар расмий сыйлык тапшыруу аземинде тапшырылат. Акция боюнча финалдык этаптагы байгелердин акчалай эквиваленти берилбейт. |
| **11.** | **Акциянын жыйынтыгы тууралуу жеңүүчүлөрдү маалымдоо** | 11.1. Банк жеңүүчүлөргө акциянын жыйынтыгы, сыйлык тапшыруу аземинин күнү жана орду жөнүндө түздөн-түз, картаны алууда банкта көрсөтүлгөн байланыш телефон номери боюнча акциянын/этаптын жыйынтыгы чыгарылгандан кийин 5 (беш) иш күнү ичинде билдирет.<br>11.2. Акциянын/этаптын жеңүүчүлөрүнүн тизмеси Банктын расмий сайтында ("Компаньон Банкы" ЖАК) www.kompanion.kg акциянын/этаптын жыйынтыгын чыгаргандан кийин 5 (беш) иш күндүн ичинде жарыяланат.<br>11.3. Банкка так байланыш маалыматтарын (жеңүүчүнүн аты-жөнү, байланыш номерлери, жашаган жеринин даректери ж.б.) берүү жана берилген маалыматтардын аныктыгы үчүн жоопкерчиликти Акциянын катышуучусу тартат.<br>11.4. Акциянын катышуучусуна көрсөтүлгөн байланыш номерлери боюнча акциянын/этаптын жыйынтыктары жарыяланган учурдан тартып 10 (он) календардык күндүн ичинде билдирүү/байланышуу мүмкүн болбогон учурда, катышуучу акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмесинен чыгарылат. Бул учурда жеңүүчүлөрдүн тизмесиндеги байгелүү орундардан кийинки орунду ээлеген катышуучу жеңүүчү деп эсептелет.<br>11.5. Байгелер жеңүүчүнүн өздүгүн күбөлөндүргөн документи (ID-карта же паспорт) болгон жана тастыкталган учурда берилет**.** |
| **АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТЫ ЖАЙЫЛТУУ** | | |
| **12.** | **Каналдар** | Акциянын шарттары, жыйынтыктары, кулактандыруулар, жарнамалык материалдар төмөнкү каналдар аркылуу жарыяланат:<br>• Банктын расмий www.kompanion.kg интернет-сайты;<br>• Банктын социалдык тармактардагы расмий аккаунттары |

| | | |
|---|---|---|
| | | (Facebook, Instagram, Twitter ж.б.);<br>• Маалыматтык-оюн-зоок интернет-сайттары жана банктын өнөктөштөрүнүн сайттары жана алардын социалдык тармактардагы аккаунттары;<br>• Башка ар кандай маалымат каражаттары.<br>**Акцияны өткөрүү суроолору боюнча** Банктын Кардарларды колдоо кызматынын 0312 33 88 00, 88 00 номерлери аркылуу байланышсаңыздар болот. |
| **13.** | **Акция тууралуу публикациялар** | Акцияга катышкан кардарлар утушка ээ болгон учурда, Банктын расмий сайтында, социалдык тармактарда жана Интернеттеги башка булактарда, жалпыга маалымдоо каражаттарында төмөнкү маалыматтарды: кардардын аты-жөнүн, байге ордун, байгенин суммасын жана/же түрүн, сүрөтүн жарыялоого макулдугун берип, банкка укуктарды берет. |